**Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги**

**“Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети” илимий билим берүү өндүрүштүк комплекси**

| | |
|---|---|
| **Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинде каралып, бекитүүгө сунушталган** | **БЕКИТЕМ** |
| **Протокол №_1___** | **Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун ректору, т.и.д., профессор** |
| **“_01_”_сентябрь___2025-ж.** | **К.Ж.Усенов ________________** |
| | **“_01_”_____09________2025-ж.** |

# ДИСЦИПЛИНАНЫН (МОДУЛДУН) ЖУМУШЧУ ПРОГРАММАСЫ ЖӨНҮНДӨГҮ ЖОБО

ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2025-жылдын 1-сентябрындагы №1-протоколу менен өзгөртүү ,толуктоолор киргизилди

**Жалал-Абад-2025**

**Жалал-Абад-2025**

# 1. Жалпы жоболор

1.1.КРнын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 24-сентябрындагы, №590 жана 2025-жылдын 10-июнундагы №329 токтомдоруна ылайык, ЖАМУнун "Студенттердин жетишүүсүн жана билим сапатын баалоочу модулдук-рейтинг системасынын жобосу", ЖАМУнун "Академиялык кредиттерди колдонуу менен жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарында окуу процессии уюштуруу жөнүндө жобону", ЖАМУнун "Кесиптик орто билим берүү уюмдарында билим алуучуларды учурдагы жана орто аралык аттестациялоо жана академиялык кредиттерди колдонуу менен окуу процессин уюштуруу жөнүндө типтүү жобону", КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин №1419/1, 13.09.2024 "Кыргыз Республикасынын башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарында жумуш ордунда окутуу программаларын ишке ашыруу жөнүндө" буйругун жетекчиликке алып, ЖАМУнун Уставына таянып, дисциплинанын (модулдун) жумушчу программасы жөнүндөгү жобо (мындан ары - жобо) түзүлдү.

Аталган жобо жумушчу программанын мазмунуна, түзүлүшүнө, жасалгасына ошондой эле Жалал-Абад мамлекеттик университетинде (мындан ары - ЖАМУ) бекитүү жана сактоо процедураларына коюлган жалпы талаптарды аныктайт.

1.2. Жобону университеттин бардык кафедралары, колледждери жана башка билим берүү программаларга дал келүүчү окуу процессин ишке ашырууну камсыз кылган түзүмдүк бөлүмдөр колдонот.

1.3. Жумушчу программа жогорку, орто кесиптик билим берүү программасынын (ЖК,ОК ББП) документтеринин бири болуп саналат.

1.4. Дисциплинанын жумушчу программасы конкретүү дисциплинаны окуп жаткан мезгилде педагогикалык кызматкерлердин жана окуп жаткандардын ишин жөнгө салуучу документ катары колдонулат.

1.5. Жумушчу программа жогорку кесиптик билим берүү программасына дал келген окуу пландын жарактуу мөөнөтүнө жараша иштелип чыгат.

## 2. Жумушчу программаны иштеп чыгуу

2.1. Жумушчу программалар жогорку жана орто кесиптик билим берүү программасынын окуу планына кирген ар бир дисциплина боюнча иштелип чыгат.

2.2. Жумушчу программаны иштеп чыгууну уюштуруу боюнча жоопкерчилик дисциплина бекитилген ПЦК жана кафедрага жүктөлөт. Жумушчу программаларды иштеп чыгууга жооптуу окутуучу болуп, текшерүүчү, бекитүүчү катары кафедра башчысы эсептелет.

2.3. Жумушчу программа кафедра башчысынын тапшырмасы боюнча бир окутуучу же авторлор жамааты тарабынан иштелип чыгышы мүмкүн.

2.4. Дисциплинанын жумушчу программасы мамлекеттик билим берүү стандартына (МББС), жогорку (орто) кесиптик билим берүү программасынын мазмунуна, базалык жана жумушчу окуу планына жана окутуунун жыйынтыгына дал келиши шарт.
2.5. Жумушчу программаны иштеп чыгууда төмөндөгүлөрдү эске алуу зарыл:
- Адистиктин билим берүү программасы, колдонууга сунуш кылынган окуу китептеринин жана окуу куралдарынын мазмуну;
- кызыктар тараптардын талаптары: окуп жаткандардын, алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн), педагогикалык кызматкерлердин, потенциалдуу жумуш берүүчүлөрдүн, мамлекеттин ж. б.;
- бүтүрүүчү кафедралардын талаптары;
-жумуш орунда окутуунун мазмунуна, программасына ылайык келүүсү
- мурдагы жылдары окутулган жана кийинки этаптарда окула турган дисциплиналардын жумушчу программаларынын мазмуну;
- университеттин материалдык жана маалыматтык мүмкүнчүлүктөрү.

### 3. Дисциплинанын (модулдун) жумушчу программасынын структурасы жана мазмуну

3.1. Жумушчу программанын түзүмдүк жактан курулушу төмөндөгүдөй болуусу зарыл:

1. Титулдук баракча.
2. Дисциплинанын (модулдун) максаты жана милдеттери.
3. Негизги билим берүү программасынын структурасындагы дисциплинанын (модулдун) орду.
4. Дисциплинаны (модулду) өздөштүрүүгө карата коюлган талаптар.
5. Дисциплинанын (модулдун) мазмуну:

5.1.Лекциялык сабактардын мазмуну

5.2. Практикалык (семинардык) сабактардын мазмуну, жумуш ордунда окутууну кошуу менен

5.3. Лабораториялык сабактардын мазмуну, жумуш ордунда окутууну кошуу менен.

5.4. Студенттердин өз алдынча иштеринин мазмуну

6. Дисциплинанын (модулдун) окуу-усулдук жана маалыматтык жактан камсыздалышы:

- Негизги адабияттар
- Кошумча адабияттар
- Программалык жактан камсыздалышы
- Маалыматтык-сурап билүүчү, издеп табуучу системалардын базасы
- Дисциплинанын материалдык-техникалык жактан камсыздалышы

3.2. Титулдук барактын 1-бетинде министирликтин, окуу жайдын толук аталышы (университет, колледж, факультет, кафедра, ПЦК,) дисциплинанын аталышы, коду, даярдоо багыты (адистиги), профили, окутуунун нормативдик мөөнөтү, өздөштүрүү семестри, кредиттик сааттын көлөмү

(окуу планынан алынат), дисциплинаны өздөштүрүү жана текшерүүнүн формалары, тиешелүү бөлүм тарабынан бекитилгендиги боюнча белги толук камтылат (Тиркеме 1).

3.3. **Дисциплинанын (модулдун) максаты жана милдеттери.** ЖКББ боюнча мамлекеттик стандартынын, негизги билим берүү программасынын жалпы максаттарына ылайык дисциплинаны (модулду) өздөштүрүүнүн максаты белгиленет (Тиркеме 2).

3.4. **Негизги билим берүү программасынын структурасындагы дисциплинанын (модулдун) орду.** Модулдун окуу планындагы жана дисциплиналардын циклиндеги (гуманитардык жана социалдык-экономикалык, математикалык жана табигый илимдер, жалпы кесип берүүчүлүк, атайын, адистешкен дисциплиналар, вариативдик же тандоо) орду көрсөтүлөт. **Ошондой эле аталган дисциплинанын (модулдун) пререквизиттери жана постреквизиттери белгиленет**

**3.5.Дисциплинаны (модулду) өздөштүрүүгө карата коюлган талаптар.** Жогорку жана орто кесиптик билим берүүчү мамлекеттик стандартына, билим берүү программасы жана жумушчу программага ылайык дисциплинаны (модулду) окутуу процесси студенттер ээ болуучу компетенцияларды калыптандырууга багытталат. МББС белгиленген компетенциялар окуу жай тарабынан иштелип чыккан билим берүү программасында белгиленүүсү зарыл.

Мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык модулду окутуунун натыйжасында студенттин билимге ээ болуусу, билгичтикке ээ болуусу, көндүмгө ээ болуусу белгиленет.

**3.6.**Жумушчу программага ар бир предметтин тиешелүү окутуунун натыйжасы жазылат (результат обучения). Окутуунун натыйжасы МББСдагы калыптана турган компетенттүүлүктөрдөн алынат. Ар бир окутуучу өзүнүн предметинен күтүлүүчү натыйжаларды иштеп чыгат. Сабактагы калыптанган көндүмдөр күтүлүүчү натыйжага жетүүчү кадамдар болуу керек.

**3.7. Дисциплинанын мазмуну.** Дисциплинанын мазмуну лекциялык, практикалык, лабораториялык сабактар жана студенттердин өз алдынча иштеринин көлөмүнөн турат жана аткарылышынын тартиби белгиленет.

Дисциплинанын лекциялык сабактары темаларга бөлүнөт. Окуу дисциплинасындагы темалар белгиленген максаты менен милдеттерин эске алып, ырааттуулугун сактап бири бирин улап түзүлөт. Темаларга сааттар коюлат, калыптандыруучу компетенциялар белгиленет жана окутуунун натыйжалары эске алынат. Лекция, практикалык жана лабораториялык сабактардын темалары окшош болбойт. Теманын ичиндеги ылайыктуу бөлүктөрүнөн тема коюу керек.

Модуль боюнча практикалык сабактар пландаштырылган учурда алардын логикалык ыраттуулугу эске алынып темаларга бөлүштүрүлөт. Практикалык сабакта практикалык иш боло турган темалар жазылат. Лекциялык темалар кайталанбайт. Темадан кийин сааты жазылып, практикалык сабактарда аткарыла турган тапшырмалар иштелип чыгат, сабакта аткарыла турган тапшырмалар үчтөн кем болбойт, тапшырмалардын

күтүлүүчү натыйжалар аныкталат. Дисциплинанын практикалык жана лабораториялык сабактарынын жалпы саатынын 20-30% жумуш ордунда окутууга берилет.

Модуль боюнча лабораториялык иштер пландаштырылган учурда сааттары пландаштырылат жана аткарылуучу иштердин жана тапшырмалардын мазмуну чагылдырылат. Лабораторияык иштердин аткарууда студенттерде калыптандыруучу компетенциялар жана күтүлүүчү натыйжалар ачык жазылып белгиленет.

**3.8. Студенттердин өз алдынча иштеринин мазмуну.** Студенттердин өз алдынча иштери ар бир дисциплинаны окуп үйрөнүүдө белгиленет. Ар бир бөлүмдөр же темалар боюнча өз алдынча иштердин темалары жумушчу программага киргизилет. Тапшырмалар пландаштырылат. Өз алдынча аткарылуучу иштердин көлөмү жана аткаруунун түрлөрү көрсөтүлүп, студенттер ээ болуучу компетенциялар ачык аныкталат. Студенттердин өз алдынча иштерин пландаштырууда окутуучунун жетекчилиги менен жана студент өзү аткаруучу иштерди айырмалап көрсөтүү зарыл.

**3.9. Дисциплинанын (модулдун) окуу-усулдук жана маалыматтык жактан камсыздалышы** боюнча сабактын лекциялык, практикалык, лабораториялык түрлөрүн эске алып программалык жактан камсыздалышы пландаштырылат.

**3.10.Колдонулган адабияттар**

**3.10.1.Негизги адабиятардын тизмесин** сунуштоодо катар номер коюлуп, базалык (негизги) окуу басылмалары сунушталат. Тизмеде берилген адабияттар студенттер үчүн жеткиликтүү жана окуу жайдын китепканасында бар болушун эске алып түзүлөт. Адабияттардын тизмесин сунуштап жатканда басмадан чыккан жылын эске алуу зарыл. Гуманитардык-экономикалык багыттагы окуу куралдары 5 жылдан кем эмес убакытты, ал эми жалпы кесиптик жана атайын дисциплиналар боюнча окуу китептеринин басмадан чыккандыгынын 10 жылдан кем эмес убактысын эске алып сунуштоо зарыл. Негизги адабияттардын тизмеси 5тен ашпоосу шарт.

**3.10.2.Кошумча адабияттар** негизги адабияттардын айырмаланып, атайын аталыш менен берилет. Кошумча адабияттардын тизмесине чектөөлөр коюлбайт. Бирок китепканадагы санын, студенттерге жеткиликтүүлүгүн эске алуу зарыл.

**3.11.Дисциплинанын программалык жактан камсыздалышы.** Модул боюнча сабактын лекциялык, практикалык, лабораториялык түрлөрүн эске алып программалык жактан камсыздалышы пландаштырылат.

**3.12.Маалыматтык-сурап билүүчү, издеп табуучу системалардын базасы** дисциплина (модул) боюнча сабактын лекциялык, практикалык, лабораториялык түрлөрүн эске алып талап кылынуучу базалык маалыматтар, маалыматтык-сурап билүүчү жана издеп табуучу системалар сунушталат.

**3.13.Модулдун материалдык-техникалык жактан камсыздалышы** боюнча сабак кайсы жерде өткөрүлүшү жана окутуунун каражаттары менен камтылышы белгиленет. Компьютердик жана стандарттык программаларга

орнотулушу, интернетке туташтырылышы, интерактивдик доскалардын болушу жөнүндө маалыматтар камтылат.

## 4.Текшерүүнүн формалары жана баалоо каражаттарынын фонду

4.1.Практикалык сабактардагы студенттердин билимин текшерүү формасына төмөндөгү инструменттер сунушталат:
**Презентация, жазуу жүзүндө баян, сүрөт же иллюстрация, долбоор түрүндө, колдо макет жасоо, сахналаштыруу сценарийин жазуу, венндин диаграммасы, кластер, кичи тест, башкы каармандын ордунда болууну сүрөттөө, графикалык диктант, 4 сап ыр жазуу, синквейн түзүү, хронология түзүү, сүрөттөр менен китепче түзүү, экөөнүн диалогун ойлоп табуу, туташ эмес текст түзүү, туташ текст түзү, билим пирамидасы, сөздөрдү ордуна коюу, 3же 4 аргумент келтирүү, аңгеменин картасын түзүү, макет жасоо, мазмунду резюмелөө, таблица түзүү, эссе жазуу, слайд жасоо ж.б. өзүңөрдүн чыгармачылыгыңар.**

4.2. Дисциплинанын жумушчу программасын түзүүдө **окутуучу баалоо каражаттарынын фондун иштеп чыгат.**

***Баалоо каражаты деген эмне?***

- **Окутуунун натыйжаларын баалоо процедураларын нормага салуучу методикалык материалдарынын жыйындысы**
- **пландаштырылган окутуунун натыйжаларынын дисциплинанын жумушчу программасынын, билим берүү программаларынын талаптарына туура келүүчүлүктү орнотуусу.**
- **Дисциплинаны өздөштүрүүдө студенттердин жетишкендиктерин текшерүү үчүн баалоо каражаттары колдонулуусу.**
- **Студенттердин өз алдынча иштерин методикалык жактан камсыздоосу, сабактын күтүлүүчү натыйжасына жетүүдөгү чен катары кызмат кылуусу.**
- **Баалоо каражаттары текшерүү иштерин, суроолорду, реферат, докладдардын темаларын камтуусу.**
- **Дисциплина боюнча баалоо каражаттарынын фонду компетенциялардын калыптануу деңгээлин аныктоого мүмкүнчүлүк түзүп берүүсү керек.**
- **Баалоо каражаттарында сөзсүз баалай турган продукт болот, анын критерийлери иштелип чыгылат.**

**Баалоо каражаттарынын** фондун ЖАМУда кабыл алынган жобого ылайык даярдайт.

## 5.Жумушчу программанын талкуулоо, макулдашуу жана бекитүү

5.1.Дисциплинанын (модулдун) жумушчу программасы мамлекеттик билим берүү стандартынын, окуу пландарынын жана адистик (багыт) боюнча негизги билим берүү программасынын негизинде жыл сайын түзүлөт жана окуу жылынын башында иштелип чыккан кафедрада талкуудан өтүп,

жактырылат. Аны кафедранын протоколу менен тастыктап, кафедра башчы кол коет. Ал эми макулдашуу адис чыгаруучу кафедранын башчысы тарабынан жүргүзүлөт жана Академиялык саясат департаменти тарабынан бекитилет. Окутуунун күндүзгү жана сырттан окуу формалары үчүн башка-башка түзүлөт жана жогорудагыдай процедура кайталанат.

5.2. Жумушчу программа эки нускада даярдалат. Бир нускасы кафедрада ПЦКда сакталат, экинчиси окутуучунун окуу жана усулдук иштерди жүргүзүүсүндө жетектөөчү документ катары кызмат кылат. Окутуунун кайсы формасын өткөрүп жаткандыгына карабастан жумушчу программа ар дайым окутуучунун колунда болуусу зарыл. Адис чыгаруучу кафедранын талабына ылайык жумушчу программанын бир копиясын тапшырат.

5.3. Жумушчу программага жыл сайын толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизилип, жогорудагыдай тартипте бекитилет. Бекитилген жумушчу программа иштеп чыккан авторлордун каалоосуна жараша информациялык коопсуздук нормаларын эске алуу менен ЖАМУнун сайтына толук бойдон же аннотацияланган түрдө, ал эми AVN порталына толук бойдон жайгаштырылат.

5.4.Окутуучу өзү түзгөн жумушчу программасын окуу жылы башталганга чейин бекиттириши керек.

**1-тиркеме**

**Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги**
**“Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети” илимий билим берүү өндүрүштүк комплекси**

| | |
|---|---|
| **МАКУЛДАШЫЛДЫ** | **БЕКИТЕМ** |
| Кесиптик билим берүү кафедрасынын башчысы | Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун Академиялык саясат департаментинин директору |
| ___________________________ | _____________Турдубаева Б.М. |
| ___________________________ | ____ ______________ 2025- ж. |
| ____ ______________ 2025- ж. | |

**_______________________________________ институту (колледжи)**
**______________________________________________________ колледжи**
**_________________________________________________ кафедрасы (ПЦКсы)**

_____________________________________________________________________________________

(Дициплинанын аталышы)

дисциплинасы боюнча **Жумушчу программа**

Базалык билим берүү программасынын децгээли- ***бакалавр даражасы***
Багыты/адистиги- ***710100 Информатика жана компьютердик технологиялар***
Профили **- *Автоматташтырылган башкаруу жана маалымат иштетүү системасы***
Окуу формасы- ***Күндүзгү бөлүм***
Дисциплинанын абалы- ***Негизги***

Окуу планы боюнча сааттардын саны- **120 саат**
Алардын ичинен:
Лекция **-30 саат**
Практикалык-**30 саат** (ичинен ОРМ-20-30%, **6 саат**)
Лаборатория-
Студенттердин өз алдынча иши- **60 саат**
Модулдардын саны- **2**
Экзамен- **4-семестр**
Кредит- **4**
Окуу тили-**орус тили**
Жумушчу программа **710100 Информатика жана эсептөө техникасы багыты боюнча мамлекеттик стандарттын негизинде иштелип чыккан жана түзүлгөн.**

Түзгөн улук окутуучу ________________________ У.Асанов____________
(колу)

Жумушчу программа кафедранын жыйынында каралды
Протокол №___ ___ __________2025__
Кафедра башчысы______________________Г.Бекназарова
(колу)

Жалал-Абад – 2025

Тиркеме 2

**1. Дисциплинанын максаты жана милдеттери ____________________________________**

________________________________________________________________________________

**2. Дисциплинанан негизги билим берүүчү программанын (НББП) курамындагы орду**

__________________________________________________________________________

______________________________________________________________________________

**3. Дисциплинаны өздөштүрүүнүн жыйынтыктарына болгон талаптар**

Дисциплинаны окутуу процесси төмөнкү компетенцияларды калыптандырууга багытталган

______________________________________________________________ _____ *(ЖК )*

______________________________________________________________ _______ *(КК)*

Дисциплинаны окутуунун жыйынтыгында студент:

**билимге ээ болуу** _______________________________________________________

**билгичтикке ээ болуу** __________________________________________________________

**көндүмгө ээ болуу** _____________________________________________________

**4.Окутуунун күтүлүүчү натыйжалары жазылат(калыптана турган компетенттүүлүктөн алынат)**

**5. Дисциплинанын мазмуну**

**5.1. Лекциялык сабактардын мазмуну:**

**Лекциялардын мазмуну:**

| **№** | **Лекциянын темалары** | **Саат саны** | **Талкууланган маселелер** | **Темалары СӨИ** | **Текшерүү формасы** | **СӨИнын сааттары** | **Компетенттүүлүк индекси** | **Күтүлүүчү жыйынтыктар** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Тема1 | **2** | | Тема1 | | 2 | ЖК-1<br>КК-2 | |
| 2 | | | | | | | | |

**Практикалык жана лабораториялык (эгер бар болсо)сабактардын мазмуну:**

| **№** | **Практикалык сабактардын темалары** | **Сааттын саны** | **Аткарылуучу тапшырмалар** | **Билимди текшерүү формасы** | **Компетенттүүлүк көрсөткүчү** | **Күтүлүүчү натыйжалар** | **Жумуш ордунда окутуунун орду** | **саа ты** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Тема1 | 2 | | | ЖК-1<br>КК-2 | | | |
| 2 | Тема2 | | | | ЖК-1<br>КК-2 | | | |
| | | | | | | | | |

Колледждер үчүн:

| № | Практикалык сабактардын темасы | Сааты | Аткарылуучу тапшырмалар | Билимди текшерүү формасы | СӨИ | текшерүү формасы | сааты | Компетенттүүлүк көрсөткүчү | Күтүлүүчү натыйжалар | Жумуш ордунда окутуу | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | | | Атка ра турган иштер | Өтүлүүчү орду |

ЖООга ар бир адистик боюнча компетенцияны калыптандыруучу предмет гана тандалуусу зарыл.
Талдалган предметтин практикалык сабагынын жалпы саатынын 20% дан кем эмес өлчөмү жумуш ордунда окутуу болуусу зарыл.

**6. Дисциплинанын окуу-усулдук жана маалыматтык жактан камсыздалышы:**

**6.1** Негизги адабияттар

1.
2.
3.
4.

**6.2** Кошумча адабияттар

1.
2....

**6.3** Программалык жактан камсыздалышы

---

**6.4** Маалыматтык-сурап билүүчү, издеп табуучу системалардын базасы

---

**7. Дисциплинанын материалдык-техникалык жактан какмсыздалышы:**

---

**Иштеп чыккандар:**
Алибаев А.П
Уметов Т.Э
Турдубаева Б.М